Мукасова А.М.

ОКУТУУЧУНУН САБАКТА ЖЕКЕ ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Мукасова А.М.

ОСОБЕННОСТИ ПРИМЕНЕНИЯ ИНДИВИДУАЛЬНЫХ МЕТОДОВ ПРЕПОДАВАТЕЛЯ НА УРОКЕ

A.M. Mukasova

FEATURES OF APPLICATION OF INDIVIDUAL METHODS OF THE TEACHER AT THE LESSON

УДК:811.512.154(575.2)

Макалада кыргыз тил сабагын өтүүгө айрым жаңы окутуу ыкмаларын сунуштоо варианттары колдонулду. Бул ыкмалар практика жүзүндө колдонулуп жана студенттерге тил үйрөнүүгө кызыгуусу тууралуу кеп-кеңештер, сунуштар айтылды. Келечектеги адистердин кыргыз тилинде ээн-эркин сүйлөөсү, өз оюн кыргызча кыйналбай айта алуусу педагог менен студенттин бирдиктүү аракетинин жыйындысы, талыкпас эмгектин үзүрү экендиги тууралуу учкай сөз. Макалада, тилди алып жүрүүчүлөр жана башка тилдин ээлеринин арасындагы тил үйрөнүүдөгү айырмачылыктар, өзүнчө ыкмалар менен тилдин үйрөнүүсүнө көңүл бөлүү маселелери каралды. Сүйлөөгө, ойду билдирүүдөгү абдан зарыл болгон сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү үчүн студентке ылайыктуу чыгармаларды тандап алып анын үстүндө иштөө маселеринин жыйынтыгы каралды. Сабактын кызыктуулугун арттырууда окутуучунун педагогдук этиканы сактай билиши, чыгармачылыгы, чыдамкайлыгы, студенттерге карай мамилеси эске алына турган жагдай экендигине басым жасалып көрсөтүлөт. Дискуссия иретинде сабак өтүү сүйлөө речин өстүрүүгө түрткү бере тургандыгы, бир сабактын убактысын пландаштырып бөлүштүруп алуу сабактын сапаттык деңгээлин көтөрө алгандыгы тууралуу ой салынды.

Негизги сөздөр: *кыргыз тили, сүйлөм куруу ыкмасы, студент, сабак, тажрыйба, эске тутуу, талаш-тартыш, дискуссия, окутуу программасы.*

В этой статье рассматриваются новые варианты обучения кыргызскому языку. Эти методы были использованы для развития студентов интереса к обучению языка и применялись в практике. А так же, свободное владение кыргызским языком и возможность излагать свои мысли на кыргызском языке. Это совместная работа педагога и студента. В этой статье были рассмотрены разные методы обучения как носителей языка, так и иностранцев. Для понимания смысла необходимых слов, для грамотной речи и изложения своих мыслей, студентам подобраны произведения для работы над ним. У преподавателя должен быть творческий подход к работе, соблюдение педагогической этики, старание и создание теплой атмосферы на уроках. Ведение занятий в форме дискуссий способствует развитию устной речи. Правильное распределение занятия по времени повышает качество урока.

Ключевые слова*: кыргызский язык, методы составления предложений, студент, урок, дискуссия, восприятие, программа обучения.*

This arcticle discusses new options for teaching the Kyrgyz language. These methods were used to develop students' interest in language learning and were applied in practice. And also, their fluency in the Kyrgyz language and the ability to express their thoughts in the Kyrgyz language. This is a collaboration of a teacher and a student. This article examined different teaching methods for both native speakers and foreigners. In order to understand the meaning of the necessary words, for competent speech and the expression of their thoughts students selected works to work on them. The teacher should have a creative approach to work, observing pedagogical ethics, diligence and creating enjoyable atmosphere in the classroom. Conducting classes in the form of discussions contributes to the development of oral speech. The correct way of using time in class increases the quality of the lesson.

Key words: *kyrgyz language, proposal method, student, lesson, discussion, experience, perception, arguments, training programs.*

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө бала-бакчадан баштап бардык окуу жайлары ар түрдүү программаларды колдонуу менен жаш өспүрүмдөрдүн кыргыз тилине карата кызыгууларын арттырып жаткан мезгил. Бир гана кызыгуу эмес, тилди өнүктүрүүгө мамлекет тарабынан проекттер иштелип жана талаптар коюлуп жатат. Анын негизинде мугалимдер, окутуучулар, квалификацияны жогорулатуучу курстарда тилди үйрөтүүдөгү ар кандай ыкмаларды колдонуп аракет кылуунун үстүндө иштеп келет. Маселен, биздин бул карала турган иште ЖОЖдордо кыргыз тил сабагын өтүү мектептерде өтүлүүчү сабактардан бир кыйла өзгөчөлөнүп тургандыгы тууралуу кеп куруп жана окутуудагы келип чыккан көйгөйлөрү тууралуу сөз кылмакчыбыз.

Келечектеги адистердин кыргыз тилинде ээн-эркин сүйлөөсү өз оюн эне тилибизде кыйналбай айта алуусу үчүн педагог менен студенттин бирдиктүү аракети, талыкпас мээнети талап кылынат. ЖОЖдордун филология факультеттери үчүн, сөзсүз түрдө адистикке ылайык күчөтүлгөн талап менен адабият, кыргыз тили өзгөчө программада окутулулат. Тил илиминин жалпы маселелери, лексикологиядан баштап фонетика, орфография, грамматика, синтаксис, морфология бүтүндөй окутулуп, адабият тарыхынан баштап

азыркы абалын толук камтып терең анализ жүргүзүү менен кесипкөй адистерди даярдап чыгышат. Ал эми адистиги башка багыттагы студенттерге кыргыз тилинин окутуунун өзгөчөөрөк ыкмасы талап кылынат. Анда негизги басым студенттердин сүйлөө речин өнүктүрүүгө коюлуп, тилдин практикалык жагы алдыңкы планга чыгышы керек. Бул жерден тилдин грамматикасын окутуудан алыстап кетүү оюбузда жок. Тек гана, грамматикага да басым жасап жана башка кошумча ыкмаларды колдонуп, биргелештирип, жуурулуштуруп, натыйжада сабактын кызыктуу өтүшүнө жасаган аракетибиз. Өзгөчө, кыргыз эмес улуттагы студенттер менен иштөөдө педагогдор чыгармачылык менен аудиториянын өзгөчөлүгүн эске алып кылдаттык иш алып баруубуз абзел.

Тил үйрөнүү жеңил иштерден эмес. Башка улуттун тилиндеги лексиконду бүтүндөй жүз пайыз өздөштүрүү эч качан болбойт. Сүйлөөгө, ойду билдирүүдө абдан зарыл болгон сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү, алар аркылуу сүйлөм куруу кыйла убакытты, мээнетти талап кылаары белгилүү. Үйрөнүп жаткан тилдин грамматикалык өзгөчөлүгүн, сүйлөм куруу ыкмасын өздөштүрүү үчүн педагогдор көп аракеттерди жасабаса, сабакты кызыктуу өткөрүүгө кам көрбөсө ийгилик жаралбайт. Педагогдор алгач, студенттерге ылайыктуу, кызыктуу чыгармаларды тандап алуусу зарыл. Мисалы, “Жамила” повестин орус тилдүү студенттерге алгач өз тилинде окутуп сюжети менен абдан жакшы таанышуусу, андан кийин ал чыгарманы кыргыз тилинде сапма-сап салыштырып кайра окуп чыгуусу жакшы эффект берээрин байкап, далилдедик. Мына, ошондой эки тилди салыштыра окутканда студенттер контекст аркылуу эле кыйла сөздөрдүн маанисин түшүнүп калышат экен. Улутубуздун каада-салты, тарыхы, оюн-зооктору боюнча жазылган материалдарды да кыргызча-орусча салыштырып окуса, биринчиден тил үйрөнүп, экинчиден улуттук менталитет менен жакындан таныша беришет.

Үйрөнүп жаткан тилдин кызыктуулугун арттыруунун дагы бир ыкмасы педагогдордун жеке чыгармачылыгына, чыдамкайлыгына, студенттерге жасаган жылуу мамилесине, аларды урматтосуна да байланыштуу. Эгерде педагог менен студенттин ортосунда антипатия жаралып “зачет”, “экзамен” менен коркутуу башталса, анда ал жерден жакшы ийгиликтерди күтүүгө болбойт. Педагог менен студенттин ортосундагы жагымдуу аура, ызаат тил үйрөнүүдө гана эмес, жалпы эле билим берүүдөгү эң маанилүү каражат. Студенттерге курулай эрежелерди жаттатып аларды кыйнай берүүдөн оң натыйжа чыкпайт, тескерисинче, студенттердин тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун кайт кылып, көңүлүн чөгөрүп жиберет. Биз көбүнесе, студенттер менен жеңил тилде, улам кайталоо иретинде түшүндүрүүгө аракет кылабыз. Эреже жаттатуудан качып көбүнчө кызыктуу жазылган көркөм адабияттардын сюжети менен таныштырып каармандардын образдарын талдоо аркылуу алардын сүйлөө речин калыптандырып, сөз байлыктарын арттырып журүп отурабыз. Студенттер арсында дискуссия жүргүзүү үчүн жалпы суроолорду даярдап, алар боюнча талкуу жүргүзөбүз. Мисалы:

1. Чыгарманын аталышынын тандалып алыш себептери?
2. Каармандары кимдер жана сага алардын жаккан жактары кайсылар?
3. Чыгармадагы негизги идея эмнеде?
4. Автор жөнүндө эмнелерди билесиңер, анын дагы кандай чыгармалары бар?
5. Тарбиялык мааниси кандай?

Мына, ушу сыяктуу суроолордун тегерегинде студенттер кызуу талашып, өз ойлорун ортого салышат. Бири-экинчисин толуктап, бири билбегенин экинчиси айтып олтурушуп чыгарма жөнүндөгү жыйынтык пикирлерге келебиз. Ушул дискуссиянын жүрүшүндө студенттер тил байлыгын акырындап көбөйтүп, сүйлөө речин машыктырып жаткандарын өзүлөрү байкабай калышат. Мындай талкуунун көп болгону ошончолук көп натыйжа берет. Түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин ошол замат дароо түшүндүрүп сүйлөм курулушун оңдоп-түзөп алардын талаш-тартыштарына кошо аралашып көзөмөлдөп туруу керек. Дискуссиянын чаржайыт болуп кетпеши үчүн 80 мүнөттүк сабакты убакыт ченемине бөлүштүрүп, кайсыл ишке канча минута жумшоо керектигин тактап алышыбыз керек. Алсак:

5 минута – студенттер менен саламдашуу;

15 минута – үйгө берилген тапшырмаларын текшерүү;

20 минута – жаңы теманы түшүндүрүү;

10 минута – суроо-жооп менен сабакты бышыктоо;

15 минута – кыргыз тилинин грамматикасына кайрылуу (сүйлөм түздүрүү, талдоо, эрежелерди эске алуу жана өтүлгөн чыгармадан темага ылайыктуу сүйлөмдөрдү таап чыгуу);

10 минута – сабактын кызыктуулугун арттырууу максатында, кошумча материалдарды пайдалануу (макал-лакап, жаңылмач, табышмак, фразеологиялык сөздөрдүн маанилерин чечмелөө, ырлардан үзүндүлөрдү окутуу, чакан легендалардан айтып берүү);

5 минута – үй тапшырмасын берүү, пайдалана турган адабияттарды сунуштоо.

Сабакты мындай схемада өтүү тажрыйбасы менен билим берүүнүн эффектисин күчөтүүгө болот. Сабак өтүү албетте, ар бир педагогдун индивидуалдуу дүйнө таанымына, кесиптик даярдыгына, чыгармачылык менен иш алып баруу жөндөмдүүлүгүнө байла-

ныштуу болот. Ошондой болсо да, биз колдонгон жогорудагыдай бөлүштүрүү сабак өтүүдө оң таасирин берип жатканын байкадык. Өзгөчө, кошумча адабияттарды көбүрөөк пайдаланып улуу даанышман адамдардын айткан накыл сөздөрүн, афоризмдерди, макал-лакаптарды сабак өтүүдө көбүрөөк пайдалануу менен окуучуларды Ата Мекенди сүйүүгө, чынчыл, ак ниет, эмгекчил болууга тарбиялоого ар дайым аракет кылабыз. Техникалык прогресс турмушубуздан орун-очок алып, компьютерлешкен заман өзүнүн талабын жүргүзө баштаган ушул учурда, жаш өспүрүмдөр руханий жактан жабырлана баштаганы күндөн-күнгө өсүүдө. Жан дүйнөдөгү жардылыкты толтуруш үчүн көркөм адабият, искусствонун түрлөрү менен дайыма тыгыз байланышта болуу кажет. Өзгөчө, “Манас” башында турган ондогон кенже эпосторубузду, акындар чыгармачылыгынын мыкты үлгүлөрүн сабакка пайдалануу аракет кылабыз. Анткени, кыргыз элин эзелтеден бери кылымдарды карытып, жер үстүнөн жексен болуп жоготпой сактап келген эң негизги дөөлөт бул – кыргыздардын алтын, күмүш сыяктуу көр дүйнө байлыгын чогултпай, “Манастай” улуу эпосторду жаратып, ырын ырдап, комузун чертип дегендей руханий байлык чогулткандыгында. Дүйнөдөгү кээ бир ассирий, кельт сыяктуу далайлаган күчтүү мамлекеттер сайда – саны, кумда изи калбай жоголду. Өз мамлекеттүүлүгүнө ээ боло алышпай канчалаганы башка улуттардын составына кошулуп чабылып-чачылып кетишти. Себеби, ал элдер руханий байлыкка көп көңүл бурушпаганында, көр оокаттын, байлык чогултуунун кумарына азгырылып, акыры “артык байлык баш жарат” болуп жоюлуп кетишти. Демек, руханий байлыкка толгон элдик оозеки чыгармаларыбызды, көркөм адабиятыбызды кыргыз тил сабагына кошуп туура ыкма менен колдонсок сабагыбыздын тил үйрөнүүгө койгон максаттуулугуна жетишкен болобуз.

Көркөм адабияттын мына ушундай рух байлыгыбызга тийгизген таасирин, анын эбегейсиз зор маанисин билип, тил сабагын ансыз өтүүгө, анын керемет касиетине тааянбай коюуга болбойт. Ч.Айтматов айткандай “...Тил – элдин автопортрети”. Себеби, кайсы тил болбосун өз элинин турмушун бардык жагынан чагылдырып, ошол элдин дүйнөгө болгон көз карашын, дүйнө таанымын бүтүндөй көргөзүп берет эмеспи. Мына, ушундай көрүнүштү учур зарылдыгынан келип чыккан маселе катары баалап, окуу процессинде кыргыз тили сабагында көркөм адабиятты, андагы жаркын идеяларды жандай сала кошо окутуп жүрүп олтуруу керек. Сабакка мындай мамиле кылуу, биринчиден окутулуп жаткан предметтин кызыктуулугун арттырса, экинчиден окуучулардын билим “багажын” толтуруп атуулдук жоопкерчилигин, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууга ыңгайлуу шарт түзөт. Сурамжылоо жүргүзүп көрсөк, (биздин тайпадагы студенттердин саны менен караганда) жаштардын 70% көркөм адабият окушпайт экен. Ч.Айтматовдон башка жазуучу, акын, сүрөтчү, композиторлорду дээрлик билишпейт. Ошол эле Ч. Айтматовдун чыгармаларын окугандар өтө аз, болгону кинотасмадан көргөндөрү боюнча чыгарманын сюжетин араң айтып беришет. Кыргыз элинин баалуу мурастарын, каада салтын, тарыхын, оюн-зоогун таанып билүүдө ири алды көркөм адабияттын, элдик оозеки чыгармалардын керемет күчүнө таянышыбыз керек. Көкөм адабияттан тандалып алынган тексттерди эмоционалдуу, кемелине келтире, интоннациялык басымдар менен окулушуна жетишүү үчүн студент-окуучулардын зор эмгеги талап кылынат. Шыдыр жана так окулган тексттер сезимге жетип, чыгармадагы айтылып жаткан ойлор түшүнүктүү да, кызыктуу да болот. Ушундай абалда алардын сабакка болгон кызыгуусу да арта баштайт. Фонетикалык, синтаксисттик, морфологиялык талдоого алына турган тексттер да мугалим тарабынан жакшылап тандалышы зарыл. Мааниси терең, ойлору ачык, сүйлөм курулушу устаттык менен түзүлгөн сүйлөм талдоого да жеңилдик берет. Сабак өтүүдө педагогдун байкоолор, көп жылдык тажрыйбаларга таянуусу, усулдук жоболор менен жакындан тааныш болушу да маниге ээ. Атактуу педагог В.А.Сухомлинский: “Тажрыйбага ээ болуу – бул баарынан мурда эмне эмнеге көз каранды экенин түшүнүү. Ансыз башка тажрыйбасын түшүнүүгө, үйрөнүүгө болбойт. Эң мыкты тажрыйбаны үйрөнүү – бул айрым методдорду эмес, идеяны алуу”[1] - деп бекеринен айткан эместир. Албетте, кыргыз тилин окутуп жатканда, сабактын басымдуу көпчүлүгүн көркөм адабиятка буруп жибербей “балансты” сакташ керек, кыргыз тил сабагын окутуп жатканыбызды унутпашыбыз зарыл. Ошону менен катар эле тилдин эрежелери менен чектелип калбай, жогоруда белгилегенибиздей руханий дөөлөттөрүбүздү, ата мурастарыбызды боюна кармап турган көркөм адабиятыбызга маани бергенибиз оң. Тил үйрөтүү иши – жогорудагыдай асыл дөөлөттөрүбүз менен комплексте каралып, чогуу окутулганда гана ойдогудай натыйжага жетишебиз. Заман шарынан артта калбаш керек. Компьютерди мыкты өздөштүрүп, интернет булактарынан билимдерин өстүрүп жаткан жаштарга эч бир тоскоолдук кылбаш керек. Ошондой болсо да, көркөм адабиятты китептин өзүнөн окуганды эч бир техника алмаштыра албайт. Китеп окугандын керемети өзүнчө. Мыкты чыгармаларды окуп жатып өзүн жоготуп, канча убакыт өткөнүн билбей окуя менен аралашып кеткен учурлар болот. Андай керемет касиетти китеп гана тартуулай алат. Мына ушундай жагдайды эске алып, студенттерге көркөм адабияттарды окуу, алардын мазмунун кыскача айтып берүү тапшырмасын бе-

рем. Кыргыз тилин начар билген студенттерге үн чыгарып окушун талап кылам. Анткени, үн чыгарып окууда алардын тили жатыгып, айрым сөздөрдү кайта-кайта окуп, маанисин түшүнүүгө, туура айтууга көнүгүүгө шарт түзүлөт. Эске тутуунун эки түрү – бирикөрүү, экинчиси-угуу бир эле адамда бирдей даражада болбойт. Кээ биринин угуу сезими күчтүү болсо, кээсиникинде көрүү сезими өнүккөн. Угуп эске тут-кандар үчүн үн чыгарып окуунун мааниси чоң. Кыргыз тил сабагын адабият менен байланыштырып өтүүдө, сабак-аңгеме; сабак-семинар; сабак-таймаш; сабак-лекция түрлөрүндө иш алып барууга болот. Окуучу-студенттерге жөнөкөйдөн татаалга карай принцибинде, оңой суроолордон проблемалуу, талаштуу суроолорду берүү максатка ылайык. Талаш-тартыштагы эмоционалдуу абал студенттердин сабакка болгон кызыгуусунун бир белгиси, алар кайдыгер болсо, сабак өз максатына жетпейт. Ошондой жагдайды жаратуу педагогдун чеберчилигине, аудиторияны башкара билүүсүнө көз каранды болот. Мугалим ар дайым өз билимин, ар кыл методдорду өздөштүрүп педагогдук устаттыгын өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз аракет кылып турушу кажет. Андыктан, “окутуш үчүн – окуу керектигин” педагог ар дайым эстен чыгарбашы керек. Педагог канчалык билимдүү болсо, ошончолук озүн эркин сезип студенттердин арасында кадыр баркы жогору болот. А.П.Чеховдун “адам бардык жагынан: идеясы, өңү-түсү, кийген кийими – бүт сулуу болушу зарыл” – деген осуятынын мугалимге абдан тиешеси бар. Педагогдун өзүн-өзү алып жүрүшү, орундуу сүйлөгөн сөзү, окуучуларга карата жасаган ызааты сабак берүүдө чоң маниге ээ. Белгилүү педагог Зияш Бектенов айткандай “Мугалим аудиторияга киргенде, караңгы бөлмөгө шам жагып жибергендей” болуш керек. Ошондо сабак түшүнүктүү, кызыктуу, таасирлүү болот деп ойлойбуз. Тил сабагын мейли кыргыз, мейли башка улуттун өкүлдөрүнө өтүп жатканда, улуттук кызыкчылыкка, бир тилди экинчи тил менен карама-каршы коюуга да жол берүүгө болбойт. Бул жерден улуттук сезимдерге ар-намыска доо кетире турган жагдай түзүлбөшүн көзөмөлдөп, бардык тилдин, бардык улуттун тең укуктуулугун эстен чыгарбай мамиле кылганыбыз жөн.

Адабиятты кыргыз тили менен эриш-арка, чогуу байланыштыра өтүү боюнча, соңку учурларда көптөгөн позитивдүү пикирлер айтылып келет. Алсак, Б.Ж.Касымалиевдин “Тил жана улуттук салт”[2]; авторлош Б.Деркембаева, И.Черекова, Р.Жумалиевалардын “Тилим менин дилим” [3]; К.Токтоналиев, З.Сарылбекова, М.Нуралиевалардын “Кыргыз тили” [4] аттуу эмгектери кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн абдан пайдалуу эмгектерден болуп калды. Бул эмгектер орус тилдүү аудиторияларга жана жалпы эле эне тилибизге кызыккан, аны үйрөнүүгө далалат кылгандар үчүн өтө баалуу окуу куралдарына айланды. Аталган эмгектерден кыргыз турмушу, тарыхы, салт-санаасы, дүйнөгө болгон көз караштары, маданияты, элдик оозеки чыгармачылыгы, тамак-ашы, кийим-кечеси, ырым-жырымдары, улуттук оюндары ж.б. жөнүндө кенен кесири маалымат алууга, аларды сабак өтүүдө пайдаланууга болот.

Демек, жогорку окуу жайларынын окутуучулары студенттердин окутуу программасын окутуу менен бирге, студенттердин программаны терең толук түшүнө билүүсүнө таяныч катары көптөгөн кошумча материалдарды колдонуу үчүн дайым изденүүдө болот. Кошумча материалдар аркылуу студенттин темаы тез калбыл алууга, кызыгып ынтызаарлык менен окууга жана изденүүгө түрткү бере алат. Кошумча материал бул, биз жогоруда кыргыз тили сабагында көркөм адабиятты биргелештирип өтүү үчүн колдонулган текстер. Көркөм чыгармадан үзүндү текст алып адабий суроолорду берип жана ошол эле тексттен кыргыз тили сабагына ылайык тандоолорду жүргүзүү аркылуу сабактан сапаттык деңгээлин көтөрө алабыз деген ойду айткыбыз келди.

Ошентип, колдо болгон усулдук материалдарга жана өздүк тажрыйбабызга таянып төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик.

- Тилди үйрөнүүдө көркөм адабияттарды кошо окутуу менен окуучулардын сөз байлыгын өркүндөтүүгө болот.
- Кыргыз тилин окутуп жатып кыргыз маданиятын, эл турмушун тааныштырууда көркөм чыгармалардын эбегейсиз зор ролу бар.
- Тектеш тилдерди салыштырып окутууда, адабий чыгармалардын мааниси чоң.
- Кыргыз тилин так, ширелүү, нускалуу сүйлөө үчүн элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн окуп, билүү зарыл.
- Адабият сабагы менен тил сабагын айкалыштыра сабак өтүү менен, өз элибизди урматтаган, патриот, мекенчил жаштарыбызды тарбиялай алабыз.
- Көркөм дөөлөттөрүбүздү сактап, колдоно билүүгө шарт түзүлөт.

Адабияттар:

1. Сухомлинский В.А., Мугалимге жүз насаат. - Ф., 1987.
2. Касымалиев Б.Ж. Тил жана улуттук салт. - Б., 2009.
3. Деркембаева Б., Черикова И., Жумалиева Р. Тилим – менин дилим. - Б., 2010.
4. Токтоналиев К. Сарылбекова З., Нуралиева М. Кыргыз тили. - Б., 2010.
5. Турдугулов А. Кыргыз классикасы. - Б., 2005.

Рецензент: к.пед.н. Максутова А.Б.